| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>БАТКЕН ОБЛАСТЫ<br>КЫЗЫЛ-КЫЯ ШААРДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КЫЗЫЛ-КИЙСКИЙ ГОРОДСКОЙ<br>КЕНЕШ |
|---|---|---|

**ТОКТОМ** **ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**2025–жылдын 24-июлу № 11/44**

**Кызыл-Кыя шаарынын мэри А.Бектуровдун Кадамжай районунун Уч-Коргон айыл аймагы менен чектешкен административдик территориясына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндөгү 2025-жылдын 24-июлундагы №01-14/2687 катын кароо жөнүндө**

“Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 Мыйзамынын 34-беренесине негиз, шаардык кеңештин Укук коргоо, мыйзамдуулук, депутаттык этика, регламент, коомдук уюмдар, үрп адат, религия (диний) жана улуттар аралык маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2025-жылдын 23-июлундагы №12 протоколун эске алып, Кызыл-Кыя шаардык кеңешинин сессиясы

**ТОКТОМ кылат:**

1. Баткен областынын Кызыл-Кыя шаарынын Кадамжай районуна караштуу Уч-Коргон айыл аймагы менен чектешкен административдик территориясына тактоолорду жүргүзүп, өзгөртүүлөрдү киргизүүгө макулдук берилсин.
2. Кызыл-Кыя шаарынын бүгүнкү күндө анык (фактически) иш жүзүндө колдонуп келген чек ара аймагына негиз Кызыл-Кыя шаарынын административдик чек арасынын схемалык картасын кайрадан түзүү жагы Баткен облусунун административдик аймактык реформаны жүргүзүү комиссиясынан жана “Кыргызмамжердолбоор” мамлекеттик ишканасынан суралсын.
3. Кызыл-Кыя шаарынын административдик аймактык чегарасын аныктоо жана тактоо боюнча тийиштүү иш-чараларды жүргүзүү жагы шаар мэри А.Бектуровго жүктөлсүн.
4. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы Кызыл-Кыя шаардык кеңешинин Укук коргоо, мыйзамдуулук, депутаттык этика, регламент, коомдук уюмдар, үрп адат, религия (диний) жана улуттар аралык маселелери боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **Ж. Аматов**